**Токтом № 17**

15-сентябрь 2022-жыл Абдулла Качибеков атындагы орто мектеби

Катышканы: 87

Катышпаганы : 21

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Окуучулардын Сабакка катышуусу, формасы.
2. Окуучулардын тартиби , тазалыгы.
3. Китеп, дептерлер боюнча
4. Мектептин ремонт иштери боюнча маалымат
5. Ата-энелер комитетин шайлоо

Угулду: 1-2-маселе боюнча мектеп директору К Исламов төмөндөгүлөрдү билдирди. Урматтуу ата-энелер окуучулардын тартиби негизинен жакшы . Биздин мектепте андай деле өтө тентек бала жок, кудайга шүгүр балдарыбыздын тартиптери тазалыгы жакшы. Ал эми азыркы тапта окуучулар сабактан көп калып атат. Ал эми окуучулардын окууларына токтоло кетсек, мектепте төрт, жана бешке окуган окуучулардын санынан келип чыккан билим сапатыбыз 52%ти түзөт. Бул көрсөткүч жакшы деп айта алам, бирок жыйынтыгында мындан дагы жакшы жетишкендикти көрсөтөбүз деп ишенем.

3- маселе: Китеп, дептерлер боюнча акча чогултуу маселеси бар ал китептер бизге районодон келет аны балдарыңыздар окуйт, миллетүү түрдө алып бекришиңиздер керек.Бирок ошол чогулган акчаларды ата-энелер сиздер банкка барып төгүшүңүздөр керек.

Угулду: ОББ. Э Дыйканбаев 4-маселе: Саламатсыздарбы ата-энелер бирчиден айыл элине терең разычылык билдирем. Себеби биздин мектептин эски корпусунун ремонт иштери боюнча кырып шыбоо иштерин жазап беришти. Азыркы учурда жылытуу системасы коюлуп жатат, куда буюрса жакынкы күндөрдө бүтөт.

Угулду: Тарбия иштери боюнча З Касымалиева төмөндөгүлөрдү билдирди .Ата-энелер менен учурашып Окуучулардын тартип, тазалыгын жүрүм-турумун сабакка калтырбай жиберүүсүн ата-энелер силер түздөн түз милдеттүүсүңөр деп айтып өттү.
2. Энелер мектеби жөнүндө апаларга энелерге маалымат берип өттү.

3. Төмөндөгү ата-энелер комитет болуп шайланышты.

Төрайымы : Сейталиева Жазгүл
Мүчөсү. Шамилбекова Акжолтой
Мүчөсү. Кожомбердиеа Зарина.
Күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат.

1.Окуучуларды сабактан калбоосуна, тартибине тазалыгына ата-энелер милдеттендирилсин

2. Ата-энелер комитетинин иш пландары бекитилсин жана ата-энелерге берилген милдеттерди көзөмөлдөө ата-энелер комитетине тапшырылсын.

Чогулуштун төрагасы: К Исламов

Катчысы: З Касымалиева

Scanner App Lite

**Токтом № 12**

20- Сентярь 2021-жыл Абдулла Качибеков атындагы орто мектеби

Катышкан адамдын адам саны: 117

Катышпаганы: 16

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. I жарым жылдыктын жйынтыгы
2. Кылмыштуулуктун алдын алуу, окуучулардын тартиби.

Угулду: 1-маселе боюнча Дыйканбаев Э төмөнкүлөрдү билдирди. Биздин мектепте 137/69 окуучу окуп, I чейректи ийгиликтүү аяктады. Анын ичинен окуй албай «эки» алып калган бала болгон жок, «эң жакшы» окугандар 36/29 «жакшы» окугандар 39/23 Окуучулар арасында сабакты көп калтыргандар жокко эсе. Окуу куралдарын толук сатып бербеген ата-энелер бар.

2- маселе боюнча тарбия иштеринин уюштуруучусу З Касымалиева төмөндөгүлөрдү билдирди негизинен мектепте өтө одоно тартип бузуу болгон жок . Окуу жылынын 10-11-класстын эркек балдары түнкүсүн көчөгө чыгып 10-класстын окуучусу Бакытбек уулу Токтогулду сабап коюшкан. Бирок бул боюнча биз өз ара сүйлөшүп тынышттык.

Мектеп директору: К Исламов төмөнкүлөргө токтолду. Ар бир ата-эне өз балдарын көзөмөлдөөсү керек. Кечки саат 19:00 дөн кийин окуучу баланын көчөгө чыгаруунун кереги жок. Балдарга колуна көп акча берип соода түйүндөрүнө жибербесеңиздер, бул туура эмес. Себеби бала чөйрөсүнө азгырылып ар кандай нерселерге азгырылып кетиши мүмкүн. 18-ге чыкканга чейин мектеп жашындагы баланы, бала деп таанышат. Буларга чоң адамдын көзөмөлү дайыма болуп туруусу керек.

Урматтуу ата-этенер кылмыштуулуктун алдын алуу деген ушул. Үйдөн сабак окуучусуна көңүл бургула.Телефон көргөндө бала кандай нерселер мене алек болуп жатат, көзөмөлдөп, карап коюу керек. Окуучулардын тартиби боюнча айрым ата-энелер өз ойлорун билдиришти.

Күн тартибиндеги маселелерди угуп жана талкуулап чогулуп токтом кылат.

1. Мындан ары окуучулардын катышы жакшыртылсын.
2. Окуучулардын тартибине ата-энелердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.

Чогулуштун төрайымы: К Исламов

катчысы: З Касымалиева.

Scanner App Lite

**Токтом № 9**

5-октябрь 2020-жыл Качибеков Абдулла атындагы орто мектеби

Катышканы: 47
Катышпаганы: 35

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1. 2019-2020-окуу жылындагы болуп өткөн маселелер , ийгиликтер жетишпеген жактар
2. Көмөкчү чарба боюнча отчет
3. Онлайн режимде окуучуларга көзөмөл салуу, жана кам көрүү.

Угулду: 1-2 маселелер боюнча мектеп директору Элеманова Өмүркан төмөндөгүлөрдү билдирди. Урматтуу ата-энелер азыркы болуп жаткан (ковид19) ооруга байланыштуу сиздер менен жыйналышты зуум аркылуу башкача айтканда телефон аркылуу өткөрүп жатабыз. Эми өткөн жылдагы окуудагы жетишкендиктерди айта кетсем. Олимпиадага катышкан окуучукларыбыз Кочкор району боюнча 2 окуучу 3-орунду ал эми 1 кызыбыз 2 орунду камсыз кылып келди. Ошондой эле жалпы 11-класстагы бүтүрүүчүлөрүбүз район боюнча жакшы деген баллдарды алып беришти анын ичинен Уранбек к Нуриза 169 балл алып ийгиликке жетти, Андан башка мектептер арасында спорт боюнча ийгиликтер жаралып окуучуларыбыз кубок медалдарды алып келип жатышты.

2-маселе боюнча айтсам ата-энелер сиздер жакшы билесиздер биздин мектептин 2 га жери бар быйыл чөбү 1-2 чабык 350 пресс+160 таңгак жалпысынан 510 таңгак чөп болду анан ичинен 400 таңгак чөп сатылды 150 сомдон 60 миң сом болду андан 15500 сомун оруу, жыйноого жумшалды 47 миң сому турат 100 таңгак чөп болсо жыйналып турат жазында сатылат.

Угулду: ОББ Исламов Канимет төмөндөгүлөргө токтолуп өттү Саламатсыздарбы урматтуу ата –энелер мына азыркы учурда кырдаалга байланыштуу онлайн окуу режими жүрүп жатат. Мында ар бир окуучунун кандай окуп жатканы билинип калды мугалимдин баркын эми билип жатасыздар. Буга чейин үйдөн балага көңүл деле бөлүнбөгөн учурлар болгон, эми болсо ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп кээде ата –энелер телефон албай койгон учурлар болуп жатат.Мугалимдер болгон күч аракетибиз менен берилип окутуп жатабыз. Мына ошол себептен тапшырманы аткарып балдарыңыздарга көбүрөөк көңүл бөлүп тапшырмаларын аткарып жиберип туруңуздар. Мындан башталгыч класстын мугалимдери менен окуучулары жана ата –энелери тыгыз байланышта болуп өз убагында тапшырмаларын кетирип жатышат.

Ал эми жогорку класстар болсо телефондору өзүлөрүндө болуп, көпчүлүк учурда тапшырмаларын аткарбай жатышат. Себеби ар бир балада 8-класстан өйдө 11-класска чейинки окуучуларды өзүлөрүндө телефон болгондуктан (я тут) деген баспай атышат сабакты дагы карабайт экен. Ата-энелердин көзүнчө үйдөн телефон тиктеп окумуш болуп коюшуп эле телефонго берилип башка нерселер менен алек болуп атышат. Ушул нерселерге катуураак көзөмөл бөлүп коюңуздарчы.

Scanner App Lite

Күн тартибиндеги маселелерди карап, угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат.

1.Азыркы учурда онлайн режимде окуп жатканы үчүн окуучуларга катуу көзөмөл жүргүзүү ата-энелерге милдеттендирилсин

2. Окуучулар телевизор , телефон менен камсыз болушу тапшырмаларын өз убагында жиберип туруу үчүн дайыма көзөмөл жүргүзүлсүн.

Чогулуштун төрайымы: Элеманова Ө

Катчысы: Дыйканбаев Э

Scanner App Lite

**Токтом № 8**

16-Январь 2020-жыл Качибеков Абдулла атындагы орто мектеби

Катышканы 65

Катышпаганы 17

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. I –жарым жылдыктын жыйынтыгы I-II чейректер боюнча
2. Окуучулардын тартиби тазалыгы сабакка катышуусу

Угулду: 1-маселе боюнча мектептин ОББ Исламов Канимет өз сөзүндө төмөндөгүлөрдү айтып өттү. Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер мына ошентип көз ачып жумганча эле 1- жарым жылдыкты аяктап III чейректи окуп баштадык 2019-2020- окуу жылынын II чейрегине карата катыш, жетишүүсү боюнча маалымат бере кетсем. Мектепте жалпысынан 140 окуучу окуйт анын 70 кыз балдар, ал эми 10 окуучу бөлөк мектепке которулуп кеткен. Жетишкен жагынан айта кетсем «эң жакшы» окуган окуучулардын жалпы саны 12/11 анын ичинен 11 кыз 1 эркек бала бар. «Ударниктердин» жалпы саны 38/34 анын ичинен 38 ден 34 кыз балдар 4 эле эркек бала бар, «орто» деген баага 57/11 бала окуйт, анын 11 кыз калган 46 эркек бала «орто» деген баага окуйт.

Мынакей карасаңыздар ата-энелер акыркы убакта биздин эркек балдарыбыз такыр эле окубай калышты. Үйдөн жакшы көңүл бөлүнбөй жатат, окуучуллардын билимине сиздер дагы үйдөн көзөмөлдөп көңүл буруп койсоңуздар деп өз сөзүн жыйынтыктап бүтүрдү.

Угулду: Тарбия иштеринин уюштуруучусу Дыйканбаев Эдил окуучулардын тартип тазалыгы жүрүм-туруму боюнча айтып өттү.

Ата-энелер менен учурашып сөзүнүн башында эле отуруш жөнүндө кеп салды мынакей урматтуу ата-энелер кечки саат 19:00 дөн баштап окуучуларды көчөгө чыгуусуна түздөн-түз тыюу салынган өткөндө 9-класстын окуучулары отуруш уюштуруптур. Ал жерден ата-энелер дагы бар экенсиңер. Класс жетекчиси дагы билбейт, Кокус балдар эшикке чыгып мушташып бир нерсе болсо, ким жооп берет деп, көптөгөн сөздөрдү айтты. Дагы бир нерсени баса белгилеп, айткым келип турат, Азыркы учурда мынакей Ара-Көлгө музга барып жатышат дем алыш күндөрү болсо ата-энелери менен бирге барышат экен. Башка күндөрү окуудан чыгып кетип калган окуучулар дагы кездешип атат. Бул нерсени жалпы тыялы макул болсоңуздар.

2. Окуучулар сабакка көп кечигип келип жатышат, ушул нерсени токтотолучу эртерээк жибергенге аракет жасап койсоңуздар. Сабакка катышын дагы карап, тазалыгына дагы көңүл буруп тургулачы деп айтып өттү.

Scanner App Lite

Угулду: Мектеп директору Элеманова Өмүркан дагы өз сөзүндө ата-энелерге кайрылып өттү. Кымбаттуу, ата-энелер, мынакей завучтар туурасын айтып өтүштү, чындыгында балдарга үйдөн дагы көзөмөл болуш керек .Антпесе жалгыз мугалимди тоготпойт ата-энелер тарабынан дагы туура тарбия берилиш керек. Ошондо гана окуучу туура жолго түшөт. Ата-энелер менен мектеп тыгыз байланышта болуп иштесек гана иш жүрөт. Мектепке бат-баттан келип туруңуздар деп өзүнүн сөзүн аяктады .

Күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат.

1. I жарым жылдыктын чейректин жыйынтыктары канаттандыраарлык деп табылсын жана окуучулардын окуусуна үйдөн көз салып туруу ата-энелерге милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы: Элеманова Ө

Катчысы: Дыйканбаев Э

Scanner App Lite

**Токтом № 7**

24-сентябрь 2019-жыл

Оро-Башы орто мектеби

Катышканы: 53

Катышпаганы : 27

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Окуучулардын тартиби , тазалыгы.
2. Сабакка катышуусу, формасы.
3. Китеп дептерлери анын акчалары.
4. Көмөкчү чарбанын отчету.
5. Ата-энелер комитетин шайлоо

Угулду: 1-маселе боюнча мектеп директору төмөндөгүлөрдү билдирди. Урматтуу ата-энелер окуучулардын тартиби негизинен жакшы . Биздин мектепте андай деле өтө тентек бала жок, кудайга шүгүр балдарыбыздын тартиптери тазалыгы жакшы. Ал эми азыркы тапта окуучулар көп калып атат, оруу-жыйуу болгондуктан эми ата энелер ушуну деле өзүңүздөр балдарды жиберип жок дегенде экинчи саатка жиберип суранып кел десеңер деле болот эле.

3- маселе: Китеп, дептерлер боюнча акча чогултуу маселеси бар ал китептер бизге райондон келет аны балдарыңыздар окуйт, милдетүү түрдө алып бекришиңиздер керек.
4-маселе: Көмөкчү чарба боюнча бизде 2-гектар жерде чөп бар ошонун акчасын каякка, эмнеге жумшаганы боюнча айтып өттү.

Угулду: Тарбия иштери боюнча Дыйканбаев Э. төмөндөгүлөрдү билдирди .Ата-энелер менен учурашып Окуучулардын тартип, тазалыгын жүрүм-турумун сабакка калтырбай жиберүүсүн ата-энелер силер түздөн түз милдеттүүсүңөр деп айтып өттү.
2. Урматтуу ата-энелер силер үйдөн айтып ушактап отура бербей мектепке келип өзүбүзгө айткыла, Мисалы: Бизде взнос деген бар анын акчасы төмөндөгүлөргө жумшалат деп баардык кеткен акчанын отчетун окуп берди.
3. Энелер мектеби жөнүндө апаларга энелерге маалымат берип өттү.

Угулду: Соц педагог Абдрахманова А сөзү: Урматтуу ата-энелер жоопкерчилик деген бизде таптакыр жок болуп калды, жада калса балдарыбыз үчүн ушул 2 сааттык жыйналышка дагы келбей коюшат. Ал эми мен төмөндөгүлөргө токтолуп кетсем Бизде документи жок балдар жокко эсе бирок ар бир ата-эне баласы мектепке кире электе документтерин такташ керек. Соц. жетимдер боюнча токтолуп өттү. Кыздар совети катары кыздарга формаларды жакшыртуу маселесин айтып өттү. Чогулуштун жыйынтыгында ата-энелеркомитети шайланды бир колдон.

Төрагасы : Жоомартов Азимбек
Мүчөсү. Нурдинова Фарида
Мүчөсү. Байсымаков Сейитбек
Жогорудагы ата-энелер шайланышты.
Күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат.

Scanner App Lite

1.Окуучуларды сабактан калбоосуна, тартибине тазалыгына ата-энелер милдеттендирилсин

2. Ата-энелер комитетинин иш пландары бекитилсин жана ата-энелерге берилген милдеттерди көзөмөлдөө ата-энелер комитетине тапшырылсын.

Чогулуштун төрайымы: Элеманова Ө

Катчысы Исаева З

Scanner App Lite

**Токтом № 4**

21-май 2018-жыл Оро-Башы орто мектеби

Катышкан ата-эне 120

Катышпаганы 16

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Жылдын жыйынтыгы IV чейректин жыйынтыгы Ата-энелер комитетинин ишинин отчету

2. Поход экскурсия, отуруштарды уюштурбоо.
3. Бүтүрүүчү класстардын мамлекеттик экзаменге катышуусу.

Күн тартибиндеги 1- маселе боюнча окуу завуч К Исламов төмөнкүлөрдү билдирди, жыл аягында мектептин баардык окуучулар өз класстарын ийгиликтүү аякташты бир да окуучу класска калы же күзгү сыноого калбайт. Анткени буга чейинки сабактарга катыш жетиши билимдерине анализ жүргүзүлгөн. Узакка ооруп сабакты көп калтырган окуучу болгон жок. 4-5-6-7-8-9-10-класстардын окуучулары жобого ылайык көчүрүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырышты. Бир дагы окуучу күзгү сыноого калган жок. 9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү мамлекеттин экзаменине даяр болуп турушат.

Угулду: Мектеп директору Элеманова Өмүркан 2- маселе боюнча чыгып сүйлөп мындай деди: Урматтуу ата-энелер мына минтип «өлбөгөн адамга жаз келет» деп айткан кеп бар эмеспи ошол себептен жаз да келди окуу жылы буюрса аяктаар алдында турат. Акыркы коңгуроо бүгүн эртең деп турабыз. Коңгуроо аземин кадимкидей саат $9^{00}$ дө баштайбыз ошого кечикпей келиниздер, анан айта кетчү нерсе отуруштар болбосун. Эгерде жашыруун отура турган болсо штраф жана аябагандай катуу чара көрүлөт. Анан коңгуроодо подаркалар берилбесин, үйлөргө банкет, коноктор уюштурулбасын. Ата-энелер балдарыңыздарга экскурсияга жибербеңиздер,кырсык каш-кабактын ортосунда демекчи кандай болуп кетет ким билет. Ошондуктан походго экскурсияга , отуруштарга уюшмаларга кафелерге барбагыла өзүңөр жооп бересиңер.

Угулду: 1-маселе боюнча окуу завуч К.Исламов төмөнкүлөрдү билдирди 1-чейректеги окуучулардын жалпы санын тактады.

Мектеп боюнча отличник,ударниктердин жетишүүсү орто окуучулардын санын атады. Чейрек ичинде өтүлгөн ачык сабактар, үлгүлүү сабактар жөнүндө айтып мурунку жылга салыштырмалуу билим сапаты бир аз жогорулаганын айтты. Андан кийин ар бир класс жетекчи өз класстарына анализ берип, окуучулардын жүрүш-турушуна , тартип тазалыгына ата -энелердин мектеп менен байланышуусун балдарына көңүл буруусу жөнүндө кеңири токтолушту. Мындан ары окуучулардын жакшы окушуна таза тартиптүү жүрүшүнө балдарды сабактан калтырбоосуна көңүл буруусун суранды.

Күн тартибиндеги маселелерди угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат.

Scanner App Lite

1.Окуучулардын билим сапатына кобүроок көңүл бурулсун. Ата-энелер сабактарга көбүрөөк катышсын.

2.Окуучулардын тартибине көз салуу дайыма жүргүзүлсүн

3. Мектепти көрктөндүрүү жашылдандыруу мындан ары да жүргүзүлсүн.

Чогулуштун төрайымы: Элеманова Ө

Катчысы: Арматова Д

Scanner App Lite

**Токтом № 2**

25- Январь 2018-жыл Оро-Башы орто мектеби

Катышкан адамдын адам саны: 114

Катышпаганы: 20

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. I жарым жылдыктын жйынтыгы
2. Кылмыштуулуктун алдын алуу, окуучулардын тартиби.

Угулду: 1-маселе боюнча Исламов төмөнкүлөрдү билдирди. Биздин мектепте 142 окуучу окуп, I чейректи ийгиликтүү аяктады. Анын ичинен окубай «эки» алып калган бала болгон жок, «эң жакшы» окугандар 28/16 «жакшы» окугандар 50/27 Окуучулар арасында сабакты көп калтыргандар бар. Окуу куралдарын толук сатып бербеген ата –энелер да бар. 2- маселе боюнча тарбия завуч Э.Дыйканбаев төмөндөгүлөрдү билдирди негизинен мектепте өтө одоно тартип бузуу жок . Кээ бир гана учурда 10-11- класстын эркек балдары 9- класстын окуучуларын бир жолу (эркек балдарын) уруп койгону болду. Бирок бул боюнча биз өз ара сүйлөшүп тыныштык.
Мектеп директору: Элеманова төмөнкүлөргө токтолду. Ар бир ата-эне өз балдарын көзөмөлдөөсү керек. Кечки саат 8 ден кийин окуучу баланын көчөгө чыгаруунун кереги жок. Балдарга колуна көп акча берип мал базарга чоң -чоң соода түйүндөрүнө жибербесеңиздер, бул туура эмес. 18-ге чыкканга чейин мектеп жашындагы баланы чоң адам деп таанышат. Буларга чоң адамдын көзөмөлү дайыма болуп туруусу керек.

Урматтуу ата-этенер кылмыштуулуктун алдын алуу деген ушул. Үйдөн сабак окуучусуна көңүл бургула.Телевизорду көргөндө бала кандай каналдарды көрүп жатат, кандай кино көрүп жатат көзөмөлдөп, карап коюу керек. Окуучулардын тартиби боюнча жарыш сөзгө чыгып Мамбетова Дилбар, Кармышаков Болот,Байсымаков Сейит сүйлөштү.

Күн тартибиндеги маселелерди угуп жана талкуулап чогулуп токтом кылат.

1. Мындан ары окуучулардын катышы жакшыртылсын.
2. Окуучулардын тартибине ата энелердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.
3. Ата-энелер менен мектептин байланышы жакшырсын

Чогулуштун төрайымы: Элеманова Ө

катчысы: Арматова Д

Scanner App Lite